**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

## ТОКТОМ №16

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнүн “Багыш-Достук “ муниципалдык ишканасынан сугат ички чарбалык каналдарын Сузак суу чарба башкармалыгынын балансына өткөзүүгө макулдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 20-ноябрындагы 01-15/344 сандуу ““Багыш-Достук” муниципалдык ишканасынан Жаңы-Октябрь сугат ички чарбалык каналынын узундугу 2200 метр, 12 даана гидротехникалык курулмалар жана Р-1-5 сугат ички чарбалык каналынын узундугу 4476 метр, 4 даана гидротехникалык курулмалар Сузак суу чарба башкармалыгынын балансына өткөзүү жөнүндө” кайрылуусу жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн “Багыш-Достук” муниципалдык ишканасынан Жаңы-Октябрь сугат ички чарбалык каналынын узундугу 2200 метр, 12 даана гидротехникалык курулмалар жана Р-1-5 сугат ички чарбалык каналынын узундугу 4476 метр, 4 даана гидротехникалык курулмалары Сузак суу чарба башкармалыгынын балансына өткөзүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төрага К.Кулмамбетов